КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА
БАШКАРУУ ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР
АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
И МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

28 май 2020 г. № 01-18/48 Бишкек шаары

**Жергиликтүү жамааттын (айыл аймагынын)
типтүү уставын бекитүү жөнүндө**

Айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын иш-аракеттеринин укуктук негиздерин өркүндөтүү, чыңдоо жана айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставын жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү колдонуудагы мыйзамдарга ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин жобосун жетекчиликке алып **буйрук берем**:

1. Жергиликтүү жамааттын (айыл аймагынын) типтүү уставы (1-тиркеме) жана Жергиликтүү жамааттын уставын талкуулоо жана кабыл алуу боюнча нускама бекитилсин (2-тиркеме).

2. Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү башкармалыгы:

- Жергиликтүү жамааттын (айыл аймагынын) типтүү уставын жана Жергиликтүү жамааттын уставын талкуулоо жана кабыл алуу боюнча нускаманы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жеткирсин жана түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

- Жергиликтүү жамаатынын типтүү уставын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын.

3. Айыл аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына Жергиликтүү жамааттын уставын (айыл аймагынын) иштеп чыгуу жана кабыл алуусу, же мурда кабыл алынган Жергиликтүү жамааттардын уставдарын ушул буйрук менен бекитилген Жергиликтүү

жамааттын типтүү уставына ылайык келтирүүсү сунушталсын.

4. Агенттиктин областтардагы өкүлдөрү Жергиликтүү жамааттардын уставдарын кабыл алынышы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракеттерине мониторинг жүргүзүп, анын жыйынтыгы боюнча 2020-жылдын 10-ноябрына чейин тийиштүү маалыматтарды беришсин.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2014-жылдын 4-мартындагы № 01-24 / 19 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары М.Байдылдаевге жүктөлсүн.

**Директор** **Б.У. Салиев**

Макулдашылды:

Стат-катчы Н.К. Алишеров

Директордун орун басары М.К. Байдылдаев

Коррупциянын алдын алуу боюнча
ыйгарым укуктуу өкүлү А.Т. Султакеева

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну
өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы А.С. Шамеев

Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы С.Б. Бакасов

Административдик жана кадр иштери
бөлүмүнүн башчысы Б.С. Казиева

Атк.

Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча
башкаруу органдарына усулдук жана
маалыматтык колдоо көрсөтүү
башкармалыгынын башчысы Ч.Ч. Ачикеева